КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫ

СЧЕТНАЯ ПАЛАТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

2 октября 2024 ж.г. № 06-1/040 г. Бишкек ш.

**Аудит тууралуу**

1. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын капиталдык салымдарга чыгымдар боюнча аудитордук жана эксперттик-аналитикалык иш-чараларды жүргүзүү боюнча бөлүмүнүн курулуш боюнча мамлекеттик инспектору Жолдошов Эльзар Токтоналиевич Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата бюджетинин аткарылышына шайкештик аудиттин негизинде курулуш иштерине эксперттик-аналитикалык иш-чараларды жүргүзүү үчүн, Иса Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясына 2024-жылдын 3-октябрынан тартып 28-октябрына чейин жөнөтүлсүн.
2. Аудитти жүргүзүү боюнча жоопту Раматилаев Азамат Абдыкадырович - Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору.

**Негиз:** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылга аудитордук иш планы жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору Раматилаев Азамат Абдыкадыровичтин 2024-жылдын 30-сентябрындагы кызматтык каты.

Төрага А.Ш. Акматов

Кыргыз Республикасынын
Эсептөө палатасынын
ишеним телефону:
0555 500 985

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫ.**

**"Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министирлигинин И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы" мекемесинин объектилеринде 2023-жылдын 1-январынан 2023-жылдын 31-декабрына чейинки аралыкта аткарылган учурдагы оңдоо, капиталдык курулуш-куруу иштерине жүргүзүлгөн аудиттик аралык отчет.**

**28-октябрь 2024жыл.** **Бишкек шаары**
**Ахунбаев көчөсү 92.**

**Аудит жүргүзүүнүн негизи:** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылдын 2-октябрындагы №06-1/640 сандуу буйругу.

**Аудит объектиси:** "И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы" мекемесинин 2023-жылдын 1-январынан 2023-жылдын 31-декабрына чейинки аралыкта аткарылган учурдагы оңдоо, капиталдык курулуш-куруу объектилери (мындан ары-Буюрутмачы).

**Аудит жүргүзүүнүн мөөнөтү:** 2024-жылдын 3-октябрынан тартып 28-октябрына чейин.

**Аудиттин максаты:** Буюрутмачынын объектилериндеги 2023-жылдын 1-январынан 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында аткарылган учурдагы оңдоо, капиталдык курулуш куруу иштеринин аткарылган актыларынын аныктыгына жана каражаттарды максаттуу, туура пайдалануунун тууралыгына шайкештик аудит жүргүзүү.

**Аудит жүргүзүүдө колдонулган жана жетекчиликке алынган документтер:**

КР КЧ 31-05:2018 "Өндүрүш имараттары", Буюрутмачынын объектилериндеги аткарылган учурдагы оңдоо, курулуш-куруу иштеринин аткарылган актылары, мамлекеттик сатып алуулар жол-жобосуна ылайык өткөрүлгөн кулактандыруу жарыянын документтери, буюртмачы менен подрядчынын ортосундагы келишимдер, учурдагы оңдоонун сметалык наркы жана дефекттик актылар; Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 27 "Мамлекеттик сатып алуулар" жөнүндө мыйзамы; Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тиешелүү токтом, тескемелери, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик курулушунун 2016-жыл 18-майындагы буйругу менен 20-май 2016-жылы колдонууга киргизилген "Курулуш өндүрүмүнүн наркын эсептеп чыгарууда кошумча чыгымдардын өлчөмүн эсептеп чыгуунун тартиби жөнүндө усулдук көрсөтмөлөрдү, Курулуштагы сметалык пайданын өлчөмүн аныктоо боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү, Кыргыз Республикасынын аймагында курулуштун наркын аныктоочу усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү тууралуу" №4 ченемдик-укуктук акт.

**Аудит объектинин кыскача мүнөздөмөсү:** "И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы" мекемеси юридикалык жак катары Кыргыз Республикасынын юстиция министирлиги тарабынан 2023-жылдын 27-ноябрында кайрадан каттоодон өткөн, каттоо №14348-3301-У-е, ИУЖК коду 02057565.

**Мекеменин юридикалык жактан аталышы:** "И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы" мекемеси.

**Уюштуруучулук-укуктук формасы:** Мекеме.

**Жайгашкан жери:** Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Октябрь району, Ахунбаев көчөсү 92.

Бул аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын курулуш боюнча мамлекеттик инспектору Э.Т.Жолдошов тарабынан, "И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы" мекемеси тарбынан ректору И.О.Кудайбергенова, административдик-чарбалык иштер боюнча проректору С.С.Токтобаев, башкы эсепчиси А.Р.Тиленчиев, башкы инженери Г.К.Кулмурсаев, техникалык көзөмөл адиси Н.Батырканов катышуусунда өткөрүлдү.

Аудиттин чектелген мөөнөтүнө байланыштуу, аудит тандоо ыкмасы менен аткарылды. Тандоо ыкмасы, аудит объектилериндеги берилген маалыматтардын, документтердин каталарын жана бурмалоолорун таппоо мүмкүнчүлүгүн өзүнө камтыйт.

**Аудитте аныкталды:**

өндүрүлсүн.

-КММАнын аймагын көрктөндүрүү объектисинде 2 метр бетон арыгы жана кум-шагыл төшөөнүн көлөмүн жогорулаткандыгы үчүн "Строй-город" ЖЧКсынан суммасы 79,4 миң сом каражат өндүрүлсүн.

-Баткен шаарына окуу, дарылоо жана илимий комплекс куруу объектисинде аткарылбаган жана жогорулатылган жумуштардын көлөмү үчүн "Евразия-Строй-Сервис" ЖЧКсынан суммасы 6100,3миң сомдук каражат аткарылган актыларынан алынып салынды.

-КММАнын тестирлөө борборунун окуу корпусун куруу (жалпы курулуш иштери: жылытуу, жасалгалоо, желдетүү, сантехника түйүндөрү) объектисинде аткарылган иштердин актыларында кайталанып жана жогорулатылган баалар менен алынган жумуштары үчүн "Строительная компания "Адмирал" ЖЧКсынан суммасы 33,4 миң сом каражат өндүрүлсүн.

- КММАнын рак илими академиялык клиникасынын курулушу бүтө элек корпустун кабаттарын реконструкциялоо жана куруу объектисинде бетондун көлөмүн жогорулаткандыгы үчүн "Бекбото Строй" ЖЧКсынан суммасы 191,7миң сом каражат өндүрүлсүн.

- КММАнын тестирлөө борборунун окуу корпусун куруу (жалпы курулуш иштери: саркынды суу, чуңкур, электр тармактары, витраждар) объектисинде жер жана электр жумуштарын аткарууда көлөмү жогорулатылгандыгы, келишим түзүүдө көрсөтүлбөгөн жумуштарды аткарылган актыларына кошкондугу үчүн "Дастан Строй Групп" ЖЧКсынан суммасы 189,0миң сом каражат өндүрүлсүн.

-КММАнын тестирлөө борборунун окуу корпусун 1-кабаттын жасалгалоо иштери объектисинде шыпка "Грильято" түрүн орнотуу көлөмүн жогорулаткандыгы үчүн "Строй-город" ЖЧКсынан суммасы 56,2миң сом каражат өндүрүлсүн.

-КММАнын тестирлөө борборунун окуу корпусун 5-кабатын жасалгалоо иштери объектисинде 204 чарчы метр 4-кабатка орнотулган "Армстронг" түрүндөгү шыптын орнотуу баасын кулактандыруу жарыядагы берген сунушунан жогорулаткандыгы үчүн "Катаскеви" ЖЧКсынан 133,4миң сом каражат өндүрүлсүн.

-Республикалык диагностикалык дарылоо борборунун жер төлөөнү учурдагы оңдоо объектисинде кайталанып кабыл алынган иштин көлөмү үчүн "Бишкек Инжиниринг" ЖЧКсынан 36,2миң сом каражат өндүрүлсүн.

-Мамлекеттик сатып алууларды ишке ашырууда номери 230306370433326, 230816397835218, 231030410191023, 230816397798204 сандуу 4даана сатып алуунун сунуш берүүчүлөрүнүн сунуштарын баалоо жана жеңүүчүнү аныктоодо, сатып алуу комиссиясы тарабынан квалификациясы боюнча ылайык келбеген учурда подряд келишимин ыйгаргандыгы үчүн, мекеменин сатып алуу комиссиясынын тиешелүү адистерине чара көрүлсүн. Мындан ары Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 27 "Мамлекеттик сатып алуулар" жөнүндө мыйзамы сатып алуу комиссиясы тарабынан так аткарылышына тиешелүү жетекчи тарабынан көзөмөл жүргүзүлсүн.

Кыргыз Республикасынын
Эсептөө палатасынын курулуш боюнча МИ Э.Т. Жолдошов

"И.К.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы" мекемеси тарабынан:

Ректору И.О. Кудайбергенова

Проректору С.С.Токтобаев

Башкы эсепчиси А.Р. Тиленчиев